# АДАБИЯТТЫК БИЛИМ БЕРҮҮДӨ БААЛУУЛУКТУК МАМИЛЕГЕ ӨТҮҮ

**КАЛЫКОВА Г.А.**

*Макалада жалпы билим берүүчү орто мектепте "Кыргыз адабияты" предметин баалуулуктук негизде окутуу маселелери жөнүндө баяндалат.*

Биз күбө болуп жаткан доор тарыхта өткөөл учур катары кала турган болду. Ал социомаданий парадигмалардын алмашуусу, баалуулуктук кризис, баалуулуктарды кайра баалоо – тоталитардык коомдун идеологиялашкан баалуулуктар системасын кыйратуу, улуттук биримдиктин жаңы баалуулуктук багыттарын, руханий таянычтарын, идеяларын издөө менен белгиленди. Орус психологу Д.А.Леонтьевдин айтымында азыр «баалуулуктук негиздин кескин өзгөрүшүнүн, маанилик ачарчылыктын жана дүйнөкөрүмдүн огунан таюусунун кыртышында жаралган социалдык патологиянын баалуулуктук нигилизм, цинизм, бир баалуулуктардан экинчисине урунуп-беринүү, экзистенциялык вакуум жана башка көптөгөн симптомдору көз көрүнөө» [1,15]. Бирок тарыхый тажрыйба көрсөткөндөй, дал ушул өткөөл доорлордо баалуулуктук проблематикага кызыгуу күч алат. Философ Н.С.Розовдун пикиринде азыркы дүйнөдө баалуулуктар адамга өзүнүн жашоодогу жолун табууга жардамдашуучу жол көрсөткүчтөргө айланышат [2]. Ал дүйнөлүк интеграция доорунун дүйнөлөшүү этикасы катары баалуулуктук аң-сезим концепциясын астыга койгон.

Маданият, көркөм өнөр баалуулуктук аң-сезимди калыптандыруунун булагы жана ал өнүп-өсүүчү мейкиндик болуп берет. Буга байланыштуу Д.А.Леонтьев төмөнкүдөй байкоосун ортого салган: «Баалуулуктук проблематика менен иши болгон илимдерде баалуулуктар түшүнүгү эч кур дебесе ал болжолдуу чукулдаган орунга ээ болбогону парадоксалдуу» [1,17]. Бул байкоо адабиятты окутуунун методикасы өңдүү гуманитардык илимге да толук тийиштүү боло алат. Коомдук-маданий турмуштагы өзгөрүүлөр мектептеги адабияттык билим берүүнүн баалуулуктук кырларын кайра карап чыгуу зарылдыгына бизди ынандырат.

Азыркы мектепте адабиятты окутуп-үйрөтүүнүн карама-каршылыктуулугу, талаштуулугу бир катар факторлор менен шартталган. Бир жагынан, коомдук жана жеке аң-сезим дүйнөлөшүү, стандарттaшуу, унификациялануу жараяндарынын таасири астында жышылып-жылмаланып баратат. Базар экономикасы адамга ачыктан ачык прагматикалык жашоо мүнөзүн таңуулоодо. Башка жагынан, «экзистенциялык вакуумдун» көрүнүштөрү, жашоодогу боштуктар маанини, түшүнүүнү, диалогдук коммуникацияны издөөгө түртүшөт. Анын үстүнө маалыматтык мейкиндик да катуу өзгөрдү. Компьютердик жана маалыматтык технологияларды өздөштүрүү тажрыйбасы окурмандык ишмердүүлүктүн мүнөзүнө да таасир кылат, бул көркөм текстти окуу, кабыл алуу жараянынын өзүн сапаттык өзгөрүүлөргө дуушарлантат. Биз электрондук китептер жөнүндө айтуудабыз. Бул азыр кеңири жайылган турмуш чындыгы.

Бүгүнкү күнү мектепте адабиятты окутууну баалуулуктук негизге салуу маселеси курчуп баратат. Азыр кайсы гана кыргыз адабияты мугалиминен сурабаңыз, алар окуучулардын көркөм текст окууга кызыгуусу жоюлуп баратканын белгилешет. Буга көркөм дөөлөттөрдүн маанисин кемитүү аракеттери, адабиятты окутууга бөлүнгөн сааттарды кыскартуу демилгелери (ишке ашпаса да), адабият боюнча билимдерди баалоону бир гана тесттик методика менен ишке ашыруу талаптары да кошул-ташыл болууда. Мунун баары азыркы мектептик билим берүүдөгү (керек болсо ЖОЖдук дагы) дегуманизация, анын руханий, баалуулуктук-маанилик кырын көзгө илбөө тенденцияларынын күчөөсүн күбөлөнтөт. Дал ушундай жагдайда мектепте адабиятты окутуунун максаттары, адабият сабагынын мектептик дисциплиналардын арасындагы орду, анын тарбиялоочулук дараметин ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө талкуу жүргүзүү жана кризистен чыгуу жолдорун табуу абзел болуп турат. Анан калса азыркы тапта билим берүү ишмердүүлүгүнүн эң башкы натыйжасы – мектеп бүтүрүүчүсүнүн баалуулуктук багыт алуулары.

Бул натыйжа турмушка кадам таштаган жаш адамдын жеке-инсандык турумдарын (диний, философиялык, эстетикалык көз караштарын, коомдук-саясий ынтызарлыгын ж.б.), социалдык сезимдеринин мүнөздөмөсүн (мекенчилдик, сабырдуулук, гуманизм ж.б.) чагылтууга тийиш. Ал эми бул көркөм адабиятты баалуулуктук негизде окутуусуз ишке ашпай турганы улам барган сайын айкындалууда.

Мектепте адабиятты маданияттаануучулук өңүттө окутуу маселелерине арналган кылым чектериндеги эмгектерде анын баалуулуктук аспектисине бөтөнчө көңүл бурулган, анткени ар кандай маданияттын негизи баалуулук болуп саналат. В.А.Доманский [3] реципиент маданий баалуулуктарды аңдап-түшүнөт да, алардын «транслятору», же өткөрүүчүсү катары чыгат деп белгилейт. Л.А.Крылова [4] адабияттын окуу предмети катары негизги милдетин дүйнөнүн сүрөтүн гуманизациялоодон жана маданияттын баалуулуктар системасын түшүндүрүүдөн көрөт.

Буга карасак, адабият сабактарында окуучулардын дүйнөнүн сүрөтүн баалуулуктук өздөштүрүүсүнө зор көңүл бурулушу керек. Түйүндүү «элестер» («образдар») (табият, жер, суу, тоо, таш, үй, үй-бүлө), адептик-руханий категориялар (ишеним, акыйкаттык, жакшылык, кайрымдуулук, айкөлдүк, кеңпейилдик, сүйүү, аёо, абийир, уят, парз, эстутум ж.б.) – кыргыз элинин жомокторун, уламыштарын, ырларын, накыл кептерин, ошондой эле байыркы жана орто кылымдардагы жазма эстеликтерибизди, кыргыздын төкмө ырчы-акындарынын, кийинки муундагы кесипкөй кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларын ж.б. ортоңку класстарда талдоо жараянында түшүнүктүк өздөштүрүүнүн предмети болуусу кажет.

Биздин пикирибизде, биринчиден, адабият боюнча окуу китептери жогорку айтылгандарга шайкеш кайра иштелип чыгууга тийиш. Окуу программасына киргизилүүчү чыгармалар баалуулуктук мазмунуна ылайык тандалуусу абзел. Азыр биз адабият сабагында түйүндүү «элестерди» жана адептик-руханий категорияларды жакшылап окутуп-үйрөткөн жерибиз жок. Албетте, мекен, жер-суу, табият жөнүндө кеп болот, уят, абийир, адилеттик ж.б. категориялар сөз арасында козголот. Бирок мына ушулардын маанисин жете түшүндүрбөй, жалпысынан чыгармалардын сюжетин, адабий-теориялык түшүнүктөрдү (мисалы, жомок, аңгеме, табышмак деген эмне экенин) үйрөтүүгө басым жасап, аны да алгылыктуу жүзөгө ашыра албай жүрөбүз. Натыйжада окуучулардын баалуулуктук багыт алуулары жакшы түптөлбөй, алар зериктирме окуу китептерин кыйналып-кысталып өздөштүрүү менен чектелишүүдө. Бул окуучулардын бийик баалуу инсан катары калыптануусуна жолтоо болууда.

Экинчиден, чыгармаларды мектепте талдоо иши окуучулардын маанини баалуулуктар катары өздөштүрүүсүнө багытталууга, бул үчүн көркөм текстти талдоонун жана чечмелөөнүн өспүрүм-окурмандын аң-сезиминин элестик, баалуулуктук-маанилик, рефлексиялык кыртыштарын өнүктүрүүчү усулу, жол-жобосу иштелип чыгууга тийиш. 5-8-класстардагы адабият курсу концепттердин, өтмө элестердин, баалуулуктук мотивдердин негизинде курулуусу керек, бул негизги адабияттык жана баалуулуктук билимдерди түптөөгө шарт түзөт. Мектептеги адабий талдоонун милдети окуучуга көркөм маанилерди өзү үчүн баалуу катары аңдоого, демек, аларды тексттен көрүүгө, түшүнүүгө, өзүнүн ички дүйнөсү жана жалпы адамзаттык дүйнө менен байланыштырууга, б.а. рефлексия деңгээлине жеткирүүгө жардамдашуу болуусу абзел.

Заманбап адабияттык билим берүүнүн мазмунунун аксиологиялык планы системалуу иштеп чыгууну жана ага шайкеш психологиялык-педагогикалык технологияларды, ошондой эле окуучулардын баалуулуктук аң-сезимин калыптандыруу мүмкүнчүлүктөрүн талап этет. Бул учурда билим берүү жараянынын чордонуна өзү үчүн дүйнөнүн болмуштук көп өлчөмдүүлүгүн ачып, дүйнө менен өз мамилелерин куруп, андагы өзүнүн катышуусунун маанисин жана арналышын аныктап жаткан окуучу коюлат. Аксиологиялык мамиле адабияттык билим берүүнүн аксиологиялык кызматын тийиштүү деңгээлде ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Бул көйгөйдү усулдук жагдайда такташтырсак, адабияттык билим берүүдө аксиологиялык мамилеге өтүүнү жүзөгө ашыруунун эки стратегиялык багытын белгилөөгө болот:

- адабияттык билим берүүнүн мазмунунун дүйнөкөрүүчүлүк негиздерин баалуулуктук жана гуманисттик парадигмалардын контекстинде актуалдаштыруу;

- окурман-окуучунун субъектилик турумунун маанисин арттыруу, бул адабияттык билим берүүнү уюштуруунун ылайыктуу технологияларын жана ыктарын негиздөөнү болжойт.

Эми 9-11-класстардагы адабияттык билим берүүгө аксиологиялык мамиленин мүмкүнчүлүктөрүн караштыралы. Бул окуучулардын адам менен дүйнөнүн, табияттын карым-катышын таануусу, кубулуштарды себеп-натыйжалары менен чогуу түшүнүүсү, реалдуу турмушту адабият менен салыштыруусу менен байланышкан адабияттык билим берүүнүн баскычы, этабы.

Сөз башында эле айтарыбыз, адабияттын көркөм сөз өнөрү катары баалуулуктук дарамети жөнүндө түшүнүктөрдү, ошол дараметти инсанды баалуулуктук-маанилик өнүттө өнүктүрүүгө, окуучулардын өздөрүн баалуулуктук-маанилик аныктоосуна багыттап турмушка ашыруунун шарттары менен мүмкүнчүлүктөрүн конкреттештирүү, такташтыруу башкы орунда туруусу керек. Адабияттык билим берүүнүн баалуулуктук дарамети жөнүндө түшүнүк анын максаттарын коомдун талабын, мезгилдин чакырыктарын, жогорку класстардын окуучуларынын кызыгуулары менен керектөөлөрүн, ошондой эле окутуу-тарбиялоо чөйрөсүндөгү заманбап педагогикалык көз караштарды эске алуу менен тактап алууга жол берет. Ошондо окутуу-тарбиялоонун максаттарына карата баалуулуктар алдыңкы орунга чыгышат. Натыйжада 9-11-класстарда адабиятты окутуунун «негизи», «баалуулуктук өзөгү» болмуштук-тиричиликтик, руханий-маданий баалуулуктар болуп чыгышат [5]. Түрдүү доорлордун адабияттары, акын-жазуучулардын кайталангыс көркөм дүйнөлөрү өңдүү баалуулуктук доминанталар жөнүндө, адабияттагы аксиологиялык диалог жөнүндө түшүнүк берүүчү турмуштук концепттерди белгилеп алуу милдети астыга коюлат.

Көркөмдүк түзүлүштөрдүн маңызын чагылтуучу аксиологиялык руханий-адептик түшүнүктөрдү киргизүү, ошондой эле адабий-теориялык категориялардын баалуулуктук түзүүчүлөрүн аныктоо окуучуларга көркөм сөз өнөрүнүн баалуулуктук контексттерин түшүнүү жана өзүн баалуулуктук-маанилик аныктоо үчүн зарыл билимдерди берет. Ошентип, адабияттык билим берүүнүн аксиологиялык чөйрөсүнө адабият, анын тарыхы жөнүндө билимдер да, биографиялык мүнөздөгү маалыматтар да киришет. Булар биримдикте келишип, толук баалуу адамды, инсанды өнүктүрүүгө өбөлгө түзүшөт. Азыркы билим берүүдө аксиологиялык мамилеге өтүү адамды негизги улуттук баалуулуктардын ээси, бийик баалуулук, бул дүйнөдөгү өз ишмердүүлүгүн руханий идеалдардын, адептик орнотмолордун жана моралдык ченемдердин негизинде уюштурууга жөндөмдүү субъект катары бекемдейт. Андыктан адабиятты окутууну баалуулуктук негизге которуу бүгүн абдан зарыл. Бул максатты турмушка ашыруу үчүн көп иштерди аткаруу талап кылынат. Аларды белгилесек, төмөнкүлөр:

1. Мектепте кыргыз адабиятын окутуунун программасын баалуулуктук өнүттө кайра иштеп чыгуу, ага кирүүчү чыгармаларды баалуулуктук-маанилик сапаттарына ылайык ылгоо жана сунуштоо;

2. «Кыргыз адабияты» боюнча орто мектептин окуу китептерин жаңы иштелген программага ылайыктап түзүү, апробациядан өткөрүү жана басып чыгарып таркатуу;

3. Адабияттык билим берүүнү аксиологиялык өнүттө жүргүзүүнүн психологиялык-педагогикалык шарттары менен мүмкүнчүлүктөрүн иликтеген изилдөөлөрдү жүргүзүү жана алардын натыйжаларын мектептик билим берүү тармагына кеңири жайылтуу;

4. Ошол жаңы окуу китептери менен иштөөнүн психологиялык-педагогикалык аспектилерин ыраатка салган усулдук иштелмелерди даярдоо, аларды сынактан өткөрүп, жалпы предметтик мугалимдерге жеткирүү;

5. Жалпы кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн (фольклорунун, акындар поэзиясынын, кесипкөй адабиятынын) баалуулуктук касиетке ээ, адамзаттык баалуулуктарды боюнда камтыган үлгүлөрүнөн тандап, программага жана окуу китептерине ылайык келүүчү китепканалык түрмөктү, шарттуу аталышы «Кыргыз көркөм сөз өнөрүнүн дөөлөттөрү» же башкача, даярдоо, басып чыгаруу, аны менен бардык орто мектептерди камсыздоо;

6. Ушул китепканалык түрмөккө кирген чыгармаларды, ошондой эле кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн кенчин түзүүчү башка көркөм туундуларды электрондук форматка көчүрүп, интернет дүйнөлүк желесине кенен-кесир жайгаштыруу (азыр XX кылымдагы кыргыз адабиятынын туундуларын интернеттен табуу кыйын);

7. Жогорку китепканалык түрмөккө киргизүү үчүн ылганган көркөм туундуларды белгилүү көркөм өнөр чеберлеринин (актерлордун) айтуусунда жаздырып, аудиокитептерди даярдоо жана аларды да интернет желесине коюу.

Аталган иш чаралар жалпы билим берүүчү орто мектепте адабияттык билим берүүнү баалуулуктук өңүттө жүргүзүүгө чоң салым болот деп ишенебиз. Албетте, бул иштерди аткаруу үчүн абдан мол адам ресурсу керек. Андыктан «Кыргыз адабиятын баалуулуктук өңүттө окутуунун» концепциясы түзүлүп, ага ылайык жогоруда саналган жана иштин жүрүшүндө пайда болуучу жолу улаш башка иштерди аткаруучулар аныкталып (мисалы, Билим берүү жана илим министрлиги, Илимдер улуттук академиясы, Кыргыз билим берүү академиясы ж.б. өңдүү), алардын максат-милдеттери такталып, календардык жана тематикалык иш пландары түзүлүп, анан бардык иш чаралар ырааттуу жүзөгө ашырылуусу абзел. Түшүнүктүү, мунун баары оңой-олтоң ишке ашпайт, бир далай убакытты жана каражатты талап кылат, бирок буларды аткаруу абдан керек. Анткени, ушул иш чаралардын артында адамды туруктуу өнүктүрүүгө багытталган улуттук билим берүү системасын түзүү маселеси жатат. Ансыз мектептин бүтүрүүчүлөрүнөн ар тараптуу өнүккөн инсанды көрүүдөн үмүт үзүп эле коюу керек.

Пайдаланылган адабияттар:

1. Леонтьев, Д.А. Ценность как междисциплинарное понятие: опыт многомерной реконструкции / Д.А.Леонтьев // Вопросы философии. – 1996. – с. 15-26

2. Розов, Н.С. Философия гуманитарного образования (ценностные основания базового гуманитарного образования в высшей школе / Н.С.Розов. – Москва: 1993. – 194 с.

3. Доманский, В.А. Культурологические основы изучения литературы в школе: дисс. …доктора пед.наук / В.А.Доманский. – Томск: 2000. – 403 с.

4. Крылова, Л.А. Культурологический аспект преподавания литературы в школе: дисс. …доктора пед.наук / Л.А.Крылова. – Петропавловск: 2001. – 487 с.

5. Терентьева, Н.П. «Нужные книги» в представлении старшеклассников / Н.П.Терентьева // Чтение детей и взрослых в изменяюцемся мире: Семейное чтение: сборник конференции. – Санкт-Петербург: 2008, - с. 23-27